# Кусеин Карасаевдин *«Накыл сөздөрүндөгү»* медицина


Илимий жетекчи - **Наралиева Сапаргул  Курсановна.**

**Эргешбекова Айгерим Марлиновна**

КММАнын №1 дарылоо иши факультетинин 6-курсунун студенти








# «Накыл сөздөрдөгү» медицинанын тармактары




**Эр барданы бек болсун** [1.493-б.] – эркектин бел кубаты бекем болсун дегенди түшүндүрөт, «бардан» – *диал.* «табарсык» деген сөз [3. 199-б.].




Цистит оорусу эркек кишилерде анатомиялык түзүлүшкө байланыштуу сейрек кездешет. Бул оорунун эркектерде пайда болушунун себеби, эркектик жыныс без оорулары менен (суук тийүү, онкологиялык жара), жыныс катнашы аркылуу жугуучу инфекциялар, уретранын ичкерүүсү жана бөйрөк оорусу менен байланыштуу болот. Ошол себептен цистит оорусу аял кишилерге караганда, эркек кишилерде оорураак өтүп, коркунучтуу жана олуттуу оорулардын бири болуп саналат.



Оозунун чыгы кургабаган - «чык» – «ным» маанисинде колдонулуп, улам эле оозу кургабай, тамак жей берген адамды түшүндүрөт [1. 342-б.]. **Повышенный аппетит**






**Дүйнө жүзү боюнча 113 өлкө йод кошулган тузду колдонушат.**

# Эмне учун йод кошулган тузду колдонобуз?

Калкан безинин «богок» (зоб) оорусу биздин өлкөдө совет учурунда эле И.К. Ахунбаевдин эмгеги аркылуу изилдене баштаган. Ошол мезгилде эле ооруу 36 % тузгөн. И.К. Ахунбаев оорунун кооптуулугун жана кыйынчылыктарын тушундуруу менен кунумдук турмушта тамак-ашка колдонуучу тузга йод кошууну талап кылган. Бул иштин жыйынтыгы менен 36 % көрсөткүч 5,6 % га төмөндөгөн.



Көз жаруу – мында ***«жаруу»*** жаркыроо деген мааниде. Демек, жаркырап төрөп алуу [1. 246-б.].



Эгерде 1998-жылдары бир жылда 95-100 миң аял көз жарса, акыркы жылдары 150-170 миң аялдын көз жаруусу катталууда. Алардын ичинде болжол менен 30 миңден ашыгы 1 жыл айырма менен көз жарышат. Ал эми эң көп көз жарган аялдардын саны 29 464 болуп, Ош облусуна туура келсе, эң аз көз жарган аялдардын саны 4 109 Нарын облусуна туура келет. Себеби, калктын санына жараша.

**Чыт курсак балдар** - «чыт» фарс тилинен кирген сөз. Сууктан кирип, ысыкка какталган жаш балдардын курсагындагы кызыл темгилдер *чыттын* (материалдын) гүлдөрүнө түспөлдөш болгон [1. 493-б.], т.а. **1-7 жашка чейинки балдар** [3. 199-б.]





*Мектепке чейинки курак – 3-7 жаш* (от 3 до 7 лет)

Балтыр бешик бала - 6-8 айлык бөбөк [1. 75-б.]

**(ребенок грудного возраста)**



Борбуюн көтөрүү – баланын жаңыдан баса баштаган кези, ***«борбуюн» – «балтыр»*** маанисинде [1. 93-б.].



**Педиатриядагы нормага таянсак, бул мезгил 8 айдан 1,5 жашка чейин**

**Согончогу канабаган, же куу шыйрак** – «бала төрөбөгөн, боюна бүтпөгөн» дегенди түшүндүрөт [1. 377-б.] **(женское бесплодие).**



**Ар бир 5-аялзатында тукумсуздуктун себеби болгон оорулар бар.**

**Акта киши** – «акта» - «уругу жок» деген мааниде колдонулат [1. 28-б.] **(азооспермия-спермада уругу жок)**



80% - 20% - акыркы 10-15 жыл
50% - 50% - азыркы күндөр

**Башка чукак** – баладан кемчил, баласы жок деген маани. *«Чукак» – «сейрек учураган, кемчил»* маанисинде колдонулат [1. 79-б.] **(сочетанное бесплодие).**



**Желгабыз болуу** – суука урунган оору.

***«кабыз» - «кармоо, кармай калуу»*** деген мааниде [1. 130-б.].





**Анасарка- генерализованный отек .**

Кяр болуу – «дүлөй болуу» деген мааниде [1.303-б.]



Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун жүргүзгөн анализине байланыштуу жер жузүнүн 5 % б.а. 466 миллион адам (432 млн. чоң адамдар жана 34 млн. жаш балдар) - кулактын укпай калышы (глухота) менен оорушат.

**Күл азык** - көпкө бузулбаган «күл сыяктуу майдаланган» жеңил азык [1. 280-б.].




**Микронутриенттик программа**

# *Онко байлоо -* ашыкча семирүү **(ожирение)**

Буткул дуйнолук саламаттыкты сактоо уюмунун классификациясы боюнча :

Дене салмагынын индекси = кг/м2

**<18,5 -** нормалдуу салмактан төмөн

**>=18,5** жана **<24,9-** нормалдуу салмак


**>=25** жана **<29,9 -** ашыкча салмак

**>=30** жана **<34,9 –** семирүүнүн I даражасы

**>=35** жана **<40 -** семирүүнүн II даражасы

**>=40-** семирүүнүн III даражасы

**2 000 млн.** адамда ашыкча салмак маселеси бар болсо,
**650 млн.** адамда семирүүнүн даражалары бар.



Ийне жеген иттей, көк шилте
– *«кыржыйган арык»* деген мааниде [1. 157-б.].

Бул тууралуу медицинада 2 түшүнүк бар : **анорексия жана «нерв анорексиясы».** Акыркы жылда Республикалык психикалык ден соолук борборуна «нерв анорексиясы» деген диагноз менен 2 эле адам кайрылган.



Көзүңө ныл жабылгыр (каргыш сөз) – сокур болгур, көрбөй калгыр деген мааниде. «ныл» - түрк-монгол сөзү. «Ныл» - көздүн карегин каптаган көк чел [1. 248-б.] **КАТАРАКТА**



Катаракта оорусу менен 40 жаштан ашкан ар бир 6-адам ооруйт. Болжол менен 75 жаштагы адамдардын ичинен - 26% эркек, 46% - аялдар катаракта оорусуна чалдыгат. Тубаса катаракта 6% ды түзсө, жаракаттын себебинен 4% түзөт, калган пайыздын санын жашы өткөн адамдын катаракта оорусу түзөт.

**Көр болуу** – сокур болуу [1. 255-б.]




Кашка тиши кадоодой – маңдай тиши түптүз деген мааниде. *Кадоо – фарс. «хаде»* - «шыргый, түз» дегенди түшүндүрөт. [1.209-б.].



1886-жылы Эдварт Хартли Энгл тарабынан «универсалдуу Энгл аппараты» - азыркы брекет системасы ойлонуп табылган.


**Чечек чыккансып** – «элден качып, жалгыз отуруу» маанисин түшүндүрөт. Денеге ыйлаактанып чыккан, адамды чыйрыктырган жугуштуу оору.[1. 464-б.]





**Ветряная оспа ; ветрянка**

Ичтен жеген курттай – «тымызын, билдирбей» [1. 166-б.], жашыруун, домуккан мезгил.



# Көөкөр үйлөтүү - сынган кабырганы түз бүтүрүү ыкмасы [1. 258-б.]

**(шарды колдонуу менен дем алуу гимнастикасы - ДЫХАТЕЛЬНАЯ ГИМНАСТИКА С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ ШАРИКА)**




**Саргилдең болуу** – санаа тартып, сандалып жүргөн. Эл-журттан ажырап, тентимиш болуу маанисинде. «Баш айлануу» дегенди түшүндүрөт. [1. 377-б.] (**депрессия**).




# Кийиз күйгүзүп басуу – илгерки кан токтотуу ыкмасы [1. 225-б.]

**(убактылуу канды токтотуу –**
**временная остановка кровотечения)**



# Албарсты басуу - уктап жатканда кыйналуу [1.36-б.] **(уйку параличи - СОННЫЙ ПАРАЛИЧ)**

2018-жылы онлайн-сурамжылоо жүргүзүүнүн натыйжасында, 15-53 жаштагы 538 адамдардын ичинен 36 % албарсты басууга дуушар болгон эмес. Ал эми калганы..






29% - бир нече жолу
17 %- дайыма

14 %- бир жолу
4 % - ар куну


# Колдонулган адабияттар:


**Х. Карасаев «Накыл сөздөр» - Бишкек -1995**


**Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү, биринчи бөлүк. – Б.: Салам, 2016**

**Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү, биринчи бөлүк. – Б.: Салам, 2016**

# Көңүл бурганыңыздар үчүн ыракмат!



Хусеин Карасаевдин



120 жылдыгына

карата

